**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети**

**Национальный статистический комитет Кыргызской Республики**

# Кыргыз Республикасындагы баалар

# 2023

## I-II квартал

### Кварталдык басылма

# Цены в Кыргызской Республике

## I-II кварталы

### Квартальная публикация

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика комитети**

---

# Кыргыз Республикасындагы баалар

# 2023

## I-II квартал

**Кварталдык басылма**

**Бишкек-2023**

***Кыргыз Республикасындагы баалар***

Редакциялык-басмалык кеңеш:
Төрага - Б.Кудайбергенов
Мүчөлөр: - Н.Керималиева
- Б. Шокенов
- З. Жумалиев
- М.Эшкожоев
- Ч. Турдубаева
- Э. Исенкулова
- В. Бирюкова

Бул чыгарылышка байланыштуу маалыматтар үчүн төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көч., 374,
телефон: 996 (312) 625825; факс: 996 (312) 660138; интернет: www.stat.kg
e-mail: nsc_mail@stat.kg.
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Баалардын статистикасы бөлүмү

Колдонуучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү ("Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30-беренеси).

***«Кыргыз Республикасындагы баалар»*** басылмасы 2022-2023-жылдардагы керектөө товарларынын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, өндүрүүчүлөрдүн продукцияларынын бааларынын жана тарифтеринин деңгээли жана индекстери жөнүндө кварталдык маалыматтарды, ошондой эле кыскача методологиялык түшүндүрмөлөрдү камтыйт. Жарым жылдыкта бир жолу чыгарылат.

Тираж: 11 нуска

Басылманын электрондук версиясы да бар.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;
... маалымат жок;
0,0 көрсөткүчтүн мааниси өлчөөнүн бирдигинен аз.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмачылыктары алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# Мазмуну


**Кириш сөз** **4**

**2023-жылдын I жарым жылдыгындагы Кыргыз Республикасында товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын өзгөрүшү тууралуу** **5**

**I. Керектөө рыногундагы баалардын деңгээли жана динамикасы**

| | | |
|---|---|---|
| 1.1-таблица | Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 12 |
| 1.2-таблица | Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери 2010=100 | 14 |
| 1.3-таблица | Баткен облусу боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 16 |
| 1.4-таблица | Жалал-Абад облусу боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 18 |
| 1.5-таблица | Ысык-Көл облусу боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 20 |
| 1.6-таблица | Нарын облусу боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 22 |
| 1.7-таблица | Ош облусу боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 24 |
| 1.8-таблица | Талас облусу боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 26 |
| 1.9-таблица | Чүй облусу боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 28 |
| 1.10-таблица | Бишкек шаары боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 30 |
| 1.11-таблица | Ош шаары боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери | 32 |
| 1.12-таблица | Аймактар боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекси 2010=100 | 34 |
| 2.1-таблица | Кыргыз Республикасы боюнча азык-түлүк товарларынын айрым түрлөрүнүн орточо керектөө баалары | 35 |
| 2.2-таблица | Кыргыз Республикасы боюнча азык-түлүк эмес товарларынын айрым түрлөрүнүн орточо керектөө баалары | 36 |
| 2.3-таблица | Кыргыз Республикасы боюнча алкоголдук ичимдиктер жана тамекинин айрым түрлөрүнүн орточо керектөө баалары | 37 |
| 2.4-таблица | Кыргыз Республикасы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүнүн орточо керектөө тарифтери | 37 |

**II. Өнөр жай продукциясынын бааларынын динамикасы**

| | | |
|---|---|---|
| 3.1-таблица | Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери | 38 |
| 3.2-таблица | Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери 2010=100 | 39 |
| 3.3-таблица | Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын аймактар боюнча индекси | 40 |
| 3.4-таблица | Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын аймактар боюнча индекси 2010=100 | 40 |

**III. Айыл чарба бааларынын динамикасы**

4.1-таблица Сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери
Мурунку жыл=100 41

**IV. Жүк ташуу жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин динамикасы**

5.1-таблица Транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу тарифтеринин индекстери 42

5.2-таблица Транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу тарифтеринин индекстери
2010=100 42

6.1-таблица Ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекстери 43

6.2-таблица Ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекстери
2010=100 43

**V. Эл аралык салыштыруулар**

7.1-таблица 2023-жылдын июнь айындагы КМШ өлкөлөрүндөгү айрым керектөө товарларынын орточо баалары
улуттук валютада 44

7.2-таблица 2023-жылдын июнь айындагы КМШ өлкөлөрүндөгү айрым керектөө товарларынын орточо баалары
АКШ долларында 45

**Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр** **46**

**Кириш сөз**

***«2023-жылдын I-II кварталындагы Кыргыз Республикасындагы баалар»*** чыгарылышын керектөө рыногундагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары менен тарифтеринин деңгээли менен өзгөрүүсүн мүнөздөгөн негизги көрсөткүчтөрү, өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн жана сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукциясынын бааларынын индекси, байланыш жана жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекси жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Бул маалыматтар жалпы республика, бардык облустар жана Бишкек, Ош шаарлары боюнча дагы көрсөтүлгөн. Ошондой эле КМШ өлкөлөрүндөгү керектөө товарларынын негизги түрлөрүнүн орточо бааларынын деңгээли жөнүндө маалыматтар берилди.

## 2023-жылдын I жарым жылдыгында Кыргыз Республикасындагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын өзгөрүшү тууралуу

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) жалпы республика боюнча керектөө бааларынын 5,1 пайызга (2022-ж. январь-июнунда − 9,1 пайызга) жогорулаганы байкалды. Мында ү.ж. I кварталында керектөө товарлары жана тарифтери 3,2 пайызга, ал эми ү.ж. II кварталында 1,8 пайызга жогорулаган.

**1-таблица: I жарым жылдыктагы керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекстери**


*(пайыз менен)*

| | Июнь мурунку жылдын декабрына карата | | I жарым жылдыктагы орточо айлык өсүү (төмөндөө) темпи | |
|---|---|---|---|---|
| | **2022** | **2023** | **2022** | **2023** |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **109,1** | **105,1** | **101,5** | **100,8** |
| Товарлар | 110,1 | 104,9 | 101,6 | 100,8 |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 112,5 | 103,6 | 102,0 | 100,6 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки азыктары | 111,8 | 107,7 | 101,9 | 101,2 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 105,1 | 106,4 | 100,8 | 101,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 103,8 | 105,8 | 100,6 | 100,9 |

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү катталган. 2023-жылдын башынан бери алардын эң көп өсүшү (9,3 пайыз) Нарын облусунда катталды, бул тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын 6,2 пайыз), алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин (12,8 пайыз) жана азык-түлүк эмес товарлардын (12,9 пайызга) бааларынын башка региондорго салыштырмалуу эң көп жогорулашы менен шартталды.

**1-график: 2023-жылдын I жарым жылдыгындагы керектөө бааларынын аймактар боюнча өзгөрүшү**

(*пайыз менен; өсүүсү +, төмөндөшү -*)



Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары жалпы республика боюнча 3,6 пайызга жогорулады (2022-жылдын I жарым жылдыгында 12,5 пайызга жогорулаган). Март (0,3 пайызга төмөндөө) жана апрель айларын (0,4 пайызга) кошпогондо, үстүбүздөгү жылдын жарым жылдыгында тамак-аш азыктарынын бааларынын туруктуу өсүшү байкалган, ал эми баалардын максималдуу өсүшү февраль айында (2,2 пайызга) катталган.

2023-жылдын январь-июнунда "Нан азыктары жана акшак" тобуна тиешелүү товарлардын баалары жалпы республика боюнча 2,8 пайызга жогорулаган. Алардын эң көп өсүшү Нарын облусунда (7,1 пайызга) катталган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда биринчи сорттогу ундун (2,4, пайызга), жогорку сорттогу ундун (1,4 пайызга) бааларынын арзандашынын эсебинен улам ундун баасы жалпы республика боюнча 2 пайызга төмөндөдү. 2023-жылдын июнунда жогорку сорттогу ундун орточо керектөө баасынын май айына салыштырмалуу максималдуу төмөндөшү (1 килограммы 54,20 сом) Кара-Балта шаарында, ал эми биринчи сорттогу ундун орточо керектөө баасынын максималдуу төмөндөшү (1 килограммы 40,77 сом) Кербен шаарында байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери жалпы республика боюнча күрүчтүн баасы 27,3 пайызга өскөн. Муну менен бирге, өткөн айга салыштырмалуу күрүчтүн баасынын (6,1 пайызга) максималдуу өсүшү июнь айында катталды. 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгында күрүчтүн баасынын максималдуу өсүшү (51,9 пайыз) Покровка шаарында белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери жалпы республика боюнча жаңы союлган эттин баасы 3,4 пайызга жогорулады. Мында койдун эти – 12,5 пайызга, жылкынын эти – 3,7 пайызга, уйдун эти – 2,1 пайызга жана чочконун эти 1,9 пайызга кымбаттады. Жаңы союлган эттин баасынын эң көп өсүшү (8,9 пайызга) Талас облусунда катталды.

2023-жылдын январь-июнь айларында жалпы республика боюнча сүт жана сүт азыктарынын баалары 1,5 пайызга төмөндөдү. Ушул мезгил ичинде алардын максималдуу өсүшү Ош шаарында (4,9 пайызга) белгиленди, ошол эле учурда алардын өсүшү Нарын (4,6 пайызга) жана Ош облустарында (2,8 пайызга) катталды. Муну менен бирге, сүт азыктарынын, сырдын жана жумуртканын бааларынын өткөн айга салыштырмалуу жогорулашы ү.ж. январь (2,3 пайызга) жана февраль айларында (0,5 пайызга) байкалган. Үстүбүздөгү жылдын июнь айында куюлуп сатылуучу сүттүн эң жогорку орточо баасы Баткен шаарында (1 литри 70 сом), жумуртканын эң жогорку орточо баасы Өзгөн шаарында (10 даанасы 143,26 сом) катталды.

Өсүмдүк майларынын бааларынын туруктуу төмөндөшү уланууда. Быйылкы жылдын январь-июнь айларында өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу алар 8,8 пайызга, анын ичинде күн карама майы – 11,9 пайызга, пахта майы – 4,7 пайызга төмөндөгөн. Үстүбүздөгү жылдын июнь айында пахта майынын максималдуу орточо керектөө баасы Каракол шаарында (1 килограммы 205,31 сом), ал эми күн карама майынын максималдуу орточо керектөө баасы (1 килограммы 184,19 сом) Токтогул шаарында катталды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда жалпы республика боюнча кумшекердин баасы (өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу) 0,6 пайызга төмөндөдү. Анын баасынын максималдуу төмөндөшү Талас районунун Покровка айылында (9,8 пайызга) белгиленген, ал эми кумшекердин максималдуу орточо керектөө баасы 2023-ж. июнь айында Ноокат шаарында (1 килограммы 100 сом) катталган.

2023-жылдын башынан тартып жаңы бышкан жемиштердин баалары 10,9 пайызга жана жашылчалардын баалары 3,0 пайызга жогорулады. Жаңы бышкан жашылчалардын баасынын эң чоң өсүшү Талас облусунда (18,0 пайызга) белгиленди. Картошканын баасы бир жыл ичинде жалпы республика боюнча 55,2 пайызга жогорулады, ал эми алардын максималдуу өсүшү (дээрлик 2 эсеге) Ысык-Көл облусунда байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып алкоголдук ичимдиктердин бааларынын өсүшү 7,5 пайызды, ал эми тамеки азыктарынын бааларынын өсүшү 7,9 пайызды түздү. Мында алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын баалардын жогорулашы

жалпы республика боюнча байкалды. Баалардын максималдуу өсүшү (12,8 пайызга) Нарын облусунда катталды.


Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча азык-түлүк эмес товарлардын баалары 6,4 пайызга жогорулаган. Алардын максималдуу жогорулоосу Нарын облусунда (12,9 пайызга) катталды.

Муну менен бирге, муздак суулардын (24,6 пайызга), электр энергиясынын (23,1 пайызга), майда шаймандардын жана ар кандай жабдыктардын (14,6 пайызга), эс алуу үчүн товарлардын жана жабдуулардын (14,5 пайызга), кийим тигүүчү материалдардын (13,3 пайызга), автоунаа сатып алуунун (12,5 пайызга), турак жайларды күтүү жана ондоо үчүн материалдардын (8,7 пайызга), фармацевтика продукцияларынын (8,2 пайызга), гезиттердин жана мезгилдик басылмалардын (6,4 пайызга), үй тиричилик буюмдарынын, тиричилик техникасынын (6,3 пайызга), кийим жана бут кийимдин (6,3 пайызга), жеке колдонуу үчүн буюмдардын жана товарлардын (4,7 пайызга), жылуулук энергиясынын (2,5 пайызга) жана газдын бааларынын (0,7 пайызга) олуттуу өсүшү байкалды.

Муну менен катар, ушул мезгил ичинде күйүүчү-майлоочу материалдардын баалары 6,5 пайызга жана катуу отундун баасы 1,7 пайызга төмөндөгөн.

**2-график: I жарым жылдыктагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин негизги топтор боюнча индекстери**

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда жалпы республика боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери 5,8 пайызга жогорулаган. Алардын жогорулашы республиканын бардык аймактарында байкалган.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери почта кызмат көрсөтүүлөрүнүн (2,8 эсеге), ритуалдык (32,5 пайызга), амбулаториялык (20,8 пайызга), чач тарач кызмат көрсөтүүлөрүнүн (12,7 пайызга), кийим тигүү (12,2 пайызга), турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо кызмат көрсөтүүлөрүнүн (10,3 пайызга), мейманкана тейлөөсүнүн (9,8 пайызга), маданий иш-чараларды уюштуруу (9,7 пайызга), жеке транспорт каражаттарын техникалык тейлөө жана ондоо (9,2 пайызга), ресторандар менен кафелер (8,3 пайызга),

бут кийим ондоо (4,5 пайызга) жана аба транспорт кызмат көрсөтүүлөрүнүн (4,3 пайызга) тарифтеринин олуттуу өсүшү катталды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Казакстан Республикасында товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын максималдуу өсүшү (5,3 пайыз) катталды.

**2-таблица: КМШнын айрым өлкөлөрүндөгү керектөө бааларынын индекси**
*(пайыз менен)*

| | Июнь майга карата | | Июнь мурунку жылдын декабрына карата | | I жарым жылдыктагы орточо айлык өсүү (төмөндөө) темпи | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022 | 2023 | 2022 | 2023 | 2022 | 2023 |
| Кыргызстан | 101,5 | 100,5 | 109,1 | 105,1 | 101,5 | 100,8 |
| Казакстан | 101,6 | 100,5 | 110,5 | 105,3 | 101,7 | 100,9 |
| Армения | 100,3 | 99,5 | 106,3 | 97,7 | 101,2 | 99,8 |
| Беларусь | 101,1 | 100,3 | 113,1 | 103,0 | 102,1 | 100,5 |
| Россия | 99,7 | 100,4 | 111,4 | 102,8 | 101,8 | 100,5 |

Үстүбүздөгү жылдын июнунда тамак-аш азыктарынын алты негизги түрүнөн (килограмм уй эти, ак май, нан, картошка, литр сүт жана он жумуртка) турган азык-түлүк топтомунун наркы Москва шаарында – 23,37 АКШ долларын, Астана шаарында – 19,69 АКШ долларын, Бишкек шаарында 15,12 АКШ долларын түздү.

**3-таблица: 2023-жылдын июнундагы КМШнын айрым өлкөлөрүнүн борборлорундагы негизги тамак-аш азыктарынын орточо баалары жана алардын өз ара катышы**

| | Бишкек | Астана | Москва [2] |
|---|---|---|---|
| | | ***АКШ доллары менен [1], килограмм, литр үчүн*** | |
| Уйдун эти | 6,54 | 6,72 | 6,96 |
| Койдун эти | 6,90 | 6,85 | 8,71 |
| Ак (каймак) май | 5,04 | 10,02 | 12,48 |
| Пастеризацияланган сүт | 0,91 | 0,86 | 0,97 |
| Жумуртка, ондук | 1,28 | 1,22 | 1,11 |
| Биринчи сорттогу буудай уну | 0,61 | 0,60 | 0,69 |
| Биринчи сорттогу ундан жасалган нан | 0,73 | 0,46 | 1,26 |
| Картошка | 0,62 | 0,41 | 0,59 |
| | ***Пайыз менен*** | | |
| Уйдун эти | 100 | 102,8 | 106,4 |
| Койдун эти | 100 | 99,3 | 126,2 |
| Ак (каймак) май | 100 | 198,8 | 247,6 |
| Пастеризацияланган сүт | 100 | 94,5 | 106,6 |
| Жумуртка, ондук | 100 | 95,3 | 86,7 |
| Биринчи сорттогу буудай уну | 100 | 98,4 | 113,1 |
| Биринчи сорттогу ундан жасалган нан | 100 | 63,0 | 172,6 |
| Картошка | 100 | 66,1 | 95,2 |

[1] Мамлекеттердин Улуттук банктарынын курсу боюнча.

[2] Буудай унунун, биринчи жана экинчи сорттогу буудай унунан жасалган нандын орточо баалары.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында *өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн* баалары жалпы республика боюнча 12,3 пайызга жогорулады (2022-ж. I жарым жылдыгында алардын өсүшү 1,6 пайызды түзгөн). Июнь айын кошпогондо, жарым жылдыктын ичинде өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өткөн айга салыштырмалуу төмөндөшү (2,3 пайызга) катталды, ал эми алардын максималдуу өсүшү (5,6 пайызга) май айында байкалган.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери пайдалуу кендерди казуу ишканаларында өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өсүшү 6,5 пайызды түздү. Муну менен бирге, мурунку айга салыштырмалуу алардын максималдуу жогорулашы (2,9 пайызга) ү.ж. январь жана февраль айларында катталган.


Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында иштетүү өндүрүшүндөгү өндүрүүчүлөрдүн

баалары 14,4 пайызга жогорулады (2022-ж. январь-июнунда 1,9 пайызга төмөндөгөн).

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери кийим (26,4 пайызга), негизги металлдарды (23,5 пайызга), айнек жана айнектен жасалган буюмдарды (20,0 пайызга), автоунаалардын тетиктерин жана шаймандарын (18,4 пайызга), фармацевтикалык продукцияларды (17,2 пайызга), кирпич, черепица жана башка бышырылган чоподон жасалган курулуш буюмдарын (11,6 пайызга), электр жабдууларын (11,0 пайызга), суусундуктарды (9,9 пайызга), курулушта колдонуучу бетондон жасалган буюмдарды өндүрүү ишканаларында (8,2 пайызга), полиграфиялык ишмердикте (7,5 пайызга), кагаздан жана картондон жасалган буюмдарды (7,2 пайызга), химиялык продукцияларды (4,5 пайызга), кокс жана тазаланган мунайзат азыктарын (3,1 пайызга), ошондой эле башка продукцияларды (0,5 пайызга) өндүрүү ишканаларында өндүрүүчүлөрдүн бааларынын жогорулагандыгы байкалды. Муну менен катар, компьютерлердин, электрондук жана оптикалык жабдууларды (10,7 пайызга), трикотаж байпак буюмдарын (10,5 пайызга), эмеректерди өндүрүү ишканаларында (8,0 пайызга), коздоочу жана курулуш таштарын кесүү, иштетүү жана жасалгалоо ишканаларында (7,6 пайызга), цемент (7,2 пайызга) жана курулуш металл конструкцияларын, буюмдарды (5,1 пайызга) өндүрүү ишканаларында баалардын төмөндөшү байкалды.

**3-график: 2023-жылдагы өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*




Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) боюнча чөйрөсүндө өндүрүүчүлөрдүн бааларынын 0,1 пайызга төмөндөшү катталды. Электр энергиясын берүү ишканаларында өндүрүүчүлөрдүн баалары 8,7 пайызга жогорулады. Газ өндүрүү; газ жабдуу тутуму аркылуу газ түрүндөгү отунду бөлүштүрүү өндүрүшүндө өндүрүүчүлөрдүн баалары 12,4 пайызга жогорулашы белгиленди, ал эми буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө - 20,5 пайызга төмөндөө катталды.

Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу ишканаларында ү.ж. башынан бери өндүрүүчүлөрдүн баалары 23,7 пайызга жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери жалпысынан 3,4 пайызга жогорулады. Электр байланышы кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери ү.ж. башынан бери 0,9 пайызга төмөндөдү, ал эми почта байланышынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери 1,8 эсеге жогорулады.

Ушул жылдын I жарым жылдыгында транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери жалпы республика боюнча 5,8 пайызга жогорулады. Темир жол транспорту аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери 6,3 пайызга жогорулады, ал эми автоунаа транспорту менен ташуулардын тарифтери тескеринче 4,3 пайызга төмөндөдү.

# 1-тиркеме: Таблицалар

**Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр**

Азыркы учурда мамлекеттик статистика органдары тарабынан эсептелген баалардын индекстеринин системасы өз ичине керектөө рыногундагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын индекстерин жана тарифтерин, өндүрүүчүлөрдүн өнөр жай продукцияларынын бааларынын индекстерин, юридикалык жактарга көрсөтүлгөн жүк ташууга жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтерин камтыйт.

Белгилүү өкүл-товарлар боюнча баалардын индексин эсептөөдөн жана бааларды каттоодон тышкары товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) топтору боюнча орточо баалар жана орточо баалардын өзгөрүүсү эсептелет. Муну менен, базалык ишканалардын жана өкүл-товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) алдын-ала тандоосуна негизделген тандалма ыкманын базасында баалар маалыматын чогултуу каралат.

**Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекси** (КБИ) - өндүрүштүк эмес керектөөлөр үчүн калк тарабынан сатылып алынган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын жалпы деңгээлинин убакыт ичиндеги өзгөрүүсүн мүнөздөйт. Ал өткөн мезгилдеги (базистик) баалардын наркы боюнча товар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгиленип коюлган азыркы мезгилдеги түрлөрүнүн ага болгон катышын өлчөйт.

Керектөө бааларынын индекси (КБИ) инфляциялык процесстерди мүнөздөөчү башкы көрсөткүчтөрдүн бири болуп эсептелет жана мамлекеттик финансылык, акча-насыя саясаттарын, экономикалык анализди жана экономикалык прогнозду ишке ашыруу максаттары үчүн колдонулат.

Керектөө бааларынын индексинин түзүлүш тартиби республиканын экономикасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен эл аралык стандартка туура келет.

Керектөө жыйынынын КБИсин эсептөөнүн негизинде калк тарабынан көбүрөөк пайдаланылуучу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын бардык аймактары үчүн бирдиктүү тандоо болуп эсептелет. Ал өз ичине 371 товарлардын жана кызматтардын аталыштарын камтыйт. Керектөө рыногундагы эркин сатылып жаткан товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) чекене баалары (тарифтери) катталат. Конкреттүү өкүл-товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) бардык түрлөрүнүн динамикасына жана деңгээлине керектөө баалары (тарифтери) боюнча байкоо жүргүзүү 2017 жылдын январынан баштап 18 айыл аймактарда, айыл жерлерин кошкондо жүргүзүлүп келет.Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ишканалардын базалык тандоо жер-жерлерде жүргүзүлөт.

Топтомдоо үчүн КБИни эсептөөдө калктын керектөө чыгымдарынын түзүлүшү боюнча үй чарбаларын иргеп изилдөө маалыматтарынын негизинде эсептелген салмак системасы пайдаланылат.

**Өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** 222 таяныч (базалык) өнөр жай ишканалардын 404 котировкасын камтыган жыйындыдан өкүл-товарлар боюнча катталган баалардын негизине карай эсептелген. Ал ишкана-өндүрүүчүлөрдүн бааларынын базасында түзүлөт жана алар тарабынан чыгарылган өнөр-жай продукцияларына баалардын орточо өзгөрүүсүн мүнөздөйт.

Керектөөчүлөрдүн бардык категорияларын эсепке алуу менен ички рынокто продукцияларга сатуу учурунда иш жүзүндө пайда болгон баалар катталат. Өкүл-товарлардын катарына негизги сапаты, пайдаланылган сырьесу, материалы жана аларды даярдоодогу технологиялык процесстери жагынан жакын болгон конкреттүү буюмдар же бир түрдөгү продукциялардын тобу кабыл алынат.

Өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн баа индексин түзүүдө нарк туюнтмасына карата өнөр жайдын көлөмү боюнча өткөн жыл үчүн берилген маалыматтардын негизинде салмактоо системасы каралат.

**Өндүрүүчүлөрдүн сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукциясынын бааларынын индекси** менчиктин түрүнө карабастан, бардык категориядагы чарбалар, айыл чарба

продукцияларын бардык каналдар боюнча сатып өткөрүү бааларынын негизинде эсептелет. Бул эсептөөнүн максаты айыл чарба продукцияларын сатып өткөрүү бааларынын динамикасын ченөө болуп саналат.

Баалар, мамлекеттик, жамааттык, дыйкан (фермердик) чарбалары жана калктын жеке көмөкчү чарбалары тарабынан сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукцияларынын 73 түрү боюнча көзөмөлдөнөт.

Өндүрүүчүлөрдүн сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукциясына болгон бааларынын индексин түзүүдө нарк туюнтмасына карата айыл чарба продукцияларын сатуу көлөмү боюнча өткөн жыл үчүн берилген маалыматтардын негизинде салмактоо системасы каралат.

**Транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекси** транспорттун ар кандай түрлөрү менен жүк ташуу кызматына транспорттук тарифтердин өзгөрүү темпин баалоо үчүн багытталат. Ал траспорттун ар кандай түрлөрү менен жүк ташууда траспорттук мекемелердин кирешесинин өзгөрүүсүндө баанын (тарифтин) факторлорун мүнөздөө үчүн пайдаланылат. Жүк ташууга тарифтердин индекси темир жол, автомобиль, аба жана суу транспорттору аркылуу ташылуучу жүктөргө тарифтик индекстерден агрегирлештирилген катары эсептелет. Жүк ташууга тарифтердин индекси жалпы республика боюнча жүргүзүлөт.

Жол каттам түрлөрү жана транспорт түрлөрү боюнча бул жол каттамдардын түрлөрүнүн кирешелери жөнүндө өткөн жыл үчүн берилген маалыматтар базалык салмак катары пайдаланылат.

**Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекстери** байланыш кызматтарынын түрлөрү боюнча тарифтердин өзгөрүшүн баалоо үчүн багытталат. Ал белгилүү мезгил ичинде ишканаларга көрсөтүлгөн байланыштын ар кандай түрлөрү боюнча өкүлдөргө белгиленген кызмат жыйындылары боюнча тарифтердин өзгөрүүсүн өлчөйт. Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекси почта жана электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индексинен топтомдолгон катары эсептелинет.

Байланыш ишканаларынын кирешелери жөнүндө өткөн жыл үчүн берилген маалыматтар базалык салмак катары пайдаланылат. Салмактоо системасы өзүнө кирешелердин жалпы жыйындысындагы байланыштын айрым түрлөрүнүн салмагынын аныктоосун камтыйт.